КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**№14**

18-август 2026-жыл Ооган-Талаа айылы.

**Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына кирген Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылынын Чакырбап,Чет-Жаңгак, Кара-Булак участкаларындагы көпүрөлөрдү калыбына келтирүү жана Көк-Алма айылынын Багыш-Бий көчөсүнө 250м сел арыкка лоток куруу долбоорун,Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо жөнүндө**

Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарын,милдеттерин жана иш-чараларын камтыган,программасына кирген Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылынын Чакырбап,Чет-Жаңгак,Кара-Булак участкаларындагы көпүрөлөрдү калыбына келтирүү жана Көк-Алма айылынын Багыш-Бий көчөсүнө 250м сел арыкка лоток куруу долбоорун,Базар-Коргон райондук өнүктүрүү фондуна сунуштоо боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарын,милдеттерин жана иш-чараларын камтыган, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын иш планындагы Арстанбап айылынын Чакырбап,Чет-Жаңгак,Кара-Булак участкаларындагы көпүрөлөрдү калыбына келтирүү жана Көк-Алма айылынын Багыш-Бий көчөсүнө 250м сел арыкка лоток куруу долбоору даярдалган сметалык документтеринин негизинде тийиштүү документтери даярдалсын.

2.Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылынын Чакырбап,Чет-Жаңгак, Кара-Булак участкаларындагы көпүрөлөрдү калыбына келтирүү жана Көк-Алма айылынын Багыш-Бий көчөсүнө 250м сел арыкка лоток куруу долбооруна даярдалган долбоордук сметасында

көрсөтүлгөн жалпы суммасы 915,6 миң сом, өздүк салым катары жергиликтүү бюджеттен 165,6 миң сом төлөп берилсин,калган 750.0 миң сом Базар-Коргон райондук өнуктүрүү фонд эсебинен 2026-жылдагы фонддор эсебинен ишке ашыруу үчүн материалдарды сатып алуу сметасы даярдалып сунушталсын.

3.Токтомдун аткарылышы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Ж.Абдухалилов